**2023-жылга карата Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин жана анын ведомстволук түзүмдөрүнүн чыгымдар сметасынын аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудити жөнүндө отчет**

"Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзамына, 2024-жылга Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аудитордук иш планына жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 19.02.2024-жылдагы № 06-1/112 буйругуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аудитору В.А. Садовниковдун жетекчилиги астында, курамында башкы мамлекеттик инспекторлор: Б.С. Кулназарова, К.С. Сапарбаев, мамлекеттик инспекторлор: Ж.М. Акболушов, Н.А. Алиев, Н.С. Саламатовдор турган аудит тобу тарабынан 2023-жылга карата Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин жана анын ведомстволук түзүмдөрүнүн чыгымдар сметасынын аткарылышына шайкештик аудити жүргүзүлдү.

**Жооптуу тараптардын милдеттери**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин жана анын ведомстволук түзүмдөрүнүн жетекчилиги мамлекеттик каражаттарды башкарууда, органга берилген ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырууда мыйзамдардын сакталышы, ошондой эле ушул аудиттин предмети үчүн жоопкерчилик тартат.

**Аудитордун милдети**

Аудитордун милдети жүргүзүлгөн аудиттин негизинде Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин жана анын ведомстволук түзүмдөрүнүн ишинин мыйзам талаптарына (аудитордук критерийлерге) дал келиши жөнүндө өз алдынча корутундуга келүүдө турат.

**Аудиттин предмети**

Жогоруда көрсөтүлгөн мезгил аралыгында аудиттин көлөмүнө киргизилген конкреттүү иш-чаралар:

- Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурдагы аудитинин жыйынтыктары боюнча жазма буйругунун жана сунуштаманын аткарылышы;
- бюджеттик каражаттардын чыгымдар сметасынын аткарылышына аудит;
- атайын эсептик каражаттардын киреше жана чыгымдар сметаларынын аткарылышына аудит;
- эмгек акыга аудит;
- бюджет жана Социалдык фонд менен эсептешүүлөрдүн абалына аудит;
- командировка чыгымдарына жана отчет берүүчү жактар менен эсептешүү ченемдеринин сакталышына аудит;

- коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр боюнча лимиттердин сакталышына аудит;
- негизги каражаттардын жана товардык-материалдык баалуулуктардын, так отчеттуулук бланктарынын, товардык-материалдык баалуулуктардын ченемден ашыкча запастарынын жана алыш-бериш эсептеги каражаттардын сакталышына аудит;
- дебитордук жана кредитордук карыздарга талдоо жүргүзүү;
- мамлекеттик сатып алууларга аудит;
- бухгалтердик эсептин жана отчеттуулуктун ж.б. абалына аудит.

**Аудиттин критерийлери**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин борбордук аппаратында жана ведомстволук түзүмдөрүндө бюджеттик каражаттарды пайдалануунун мыйзамдарга шайкеш келишин баалоо критерийлери:

- Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси;
- “Кыргыз Республикасынын 2023-жылга жана 2024-2025-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
- “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы № 137 буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү боюнча” жобо; Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү боюнча” жобо;
- Башка ченемдик актылар.

**Ишти аткарууда колдонулган аудит стандарттары**

Аудиттер шайкештик аудит үчүн жетектөөчү көрсөтмөлөргө, атап айтканда, ISSAI 400 жана ISSAI 1400 (2015-жылы кайра каралган), ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 19.12.2018-жылдагы № 01-26/123 жана 29.03.2021-жылдагы №01-26/56 токтомдору менен бекитилген Шайкештик аудитинин колдонмосуна ылайык жүргүзүлдү.

**Этикалык талаптарга шайкештиги**

Аудиттин эл аралык стандарттары этикалык нормаларды сактоону, ошондой эле, Аудиттин предмети анын бардык маанилүү аспекттеринде мыйзамдык жана жөнгө салуучу нормаларга ылайык келе тургандыгына негиздүү ишеним алуу үчүн, аудитти пландаштырууну жана жүргүзүүнү талап кылат.

**Аткарылган иштердин кыскача мүнөздөмөсү**

Аудит Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги жана анын ведомстволук түзүмдөрү тарабынан берилген документтерге ылайык жүргүзүлдү.

Аудит тарабынан бюджеттик чөйрөгө тиешелүү ченемдик укуктук документтер, ички ченемдик документтер, финансылык отчеттуулук изилденди.

Аудит өзүнө корутундуларды тастыктоо, жетиштүү жана тийиштүү далилдерди алуу үчүн жол-жоболордун аткарылышын камтыйт. Аудит алынган аудитордук далилдер, бул отчетто баяндалган корутундулар жана сунуштамалар үчүн тийиштүү негиздемени камсыздоо үчүн жетиштүү деп эсептейт.

**Корутунду**

Аудит тарабынан жүргүзүлгөн иштердин жыйынтыгында, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинде жана анын ведомстволук түзүмдөрүндө бюджеттик каражаттарды жана атайын эсептин каражаттарын пайдалануу төмөндө баяндалган айрым жагдайлардан тышкары, жалпысынан бардык олуттуу аспектилерде мыйзамдардын талаптарына шайкеш келгендиги аныкталды.

## Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурдагы аудитинин жыйынтыктары боюнча жазма буйруктардын жана сунуштамалардын аткарылышы

**Аныкталды:**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан 2022-жылга Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин жана анын ведомстволук түзүмдөрүнүн бюджеттеринин аткарылышына жүргүзүлгөн мурунку аудиттин жыйынтыктары боюнча Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине 11.11.2023-жылдагы № 01-20/125 кат менен 15 пункттан турган жазма буйрук жөнөтүлгөн. Анын ичинен 11 пункт аткарылган, 4 пункт: 1, 4, 8, 15-пункттар жарым-жартылай аткарылган.

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан 2022-жылга Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин жана анын ведомстволук түзүмдөрүнүн бюджеттеринин аткарылышына жүргүзүлгөн мурунку аудиттин жыйынтыктары боюнча Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине 11.11.2023-жылдагы № 01-20/124 кат менен 23 пункттан турган сунуштама жөнөтүлгөн. Анын ичинен 11 пункт аткарылган, 1 пункт: 1-пункт аткарылган эмес, 11 пункт: 7, 9, 10, 11, 12, 15, 16, 17, 18, 19, 20-пункттар жарым-жартылай аткарылган.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан 2022-жылга Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин жана анын ведомстволук түзүмдөрүнүн бюджеттеринин аткарылышына жүргүзүлгөн мурунку аудиттин жыйынтыктары боюнча Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине жөнөтүлгөн 11.11.2023-жылдагы № 01-20/125 жазма буйруктун 1, 4, 8, 15-пункттарын аткаруу камсыздалсын.

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан 2022-жылга Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин жана анын ведомстволук түзүмдөрүнүн бюджеттеринин аткарылышына жүргүзүлгөн мурунку аудиттин жыйынтыктары боюнча Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине жөнөтүлгөн 11.11.2023-жылдагы № 01-20/124 сунуштаманын 1, 7, 9, 10, 11, 12, 15, 16, 17, 18, 19, 20-пункттарын аткаруу боюнча чаралар көрүлсүн.

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Борбордук аппараты**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин борбордук аппараты боюнча 2023-жылга бюджеттик каражаттар боюнча чыгымдар сметасы 323 649,0 миң сом суммасында бекитилген, 225 083,7 миң сомго көбөйүү менен 548 732,7 миң сомго чейин такталган, анын ичинде төмөнкү беренелер боюнча:

- Эмгек акы - 100562,0 миң сомго;
- Социалдык фондго төгүмдөр - 10624,7 миң сомго;
- Кызматтык иш сапарларга чыгымдар - 3300,0 миң сомго;
- Транспорттук кызмат көрсөтүүлөр - 50,0 миң сомго;
- Башка товарларды жана кызматтарды сатып алуу - 17200,0 мин сомго;
- Башка коммуналдык тейлөөлөр - 131352,3 миң сомго.

Ошол эле учурда, айрым чыгымдар беренеси боюнча баштапкы сметалык багыттар азайтылган, анын ичинде:

- Байланыш кызматы - 650,0 мин сомго;
- Буюмдарды жана материалдарды сатып алуу - 81,9 миң сомго;
- Машиналар жана жабдуудар - 37273,4 миң сомго.

Кассалык чыгымдар жалпысынан 500003,2 миң сомго жүргүзүлгөн.

Факты жүзүндөгү чыгымдар 368163,9 миң сомго жүзөгө ашырылган, бул кассалык чыгымдардан 131839,3 миң сомго аз.

**Аныкталды/Корутунду**

2023-жылга Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан чарба материалдарын жана кеңсе буюмдарын керектөө 1700,8 миң сомду түзгөн Запастык ченем 180 күнгө бекитилген, кеңсе буюмдарына жана чарбалык чыгымдарга орточо күнүмдүк керектөө: 1 700 763: 360 = 4 724,34 сомду түзгөн. 2024-жылга запастык ченем 4724,34 х 180 күн = 850381,2 сомго барабар. 01.01.2024-жылга карата чарба материалдарынын жана кеңсе буюмдарынын калдыгы 1125,5 миң сомду түзөт. Чарбалык материалдардын жана кеңсе буюмдарынын ашыкча запасы 275,1 миң сомду (1125,5 миң сом – 850,4 миң сом) түзгөн.

**Сунуштама**

Республикалык бюджеттин кирешесине 275,1 миң сом суммасында чарбалык материалдардын жана кеңсе буюмдарынын ашыкча запастары эсепке алынсын.

**Аныкталды/Корутунду**

Министрликтин отчетуна ылайык, 32174 200 элементи боюнча дебитордук карыз (“Дебитордук карыздар жөнүндө маалымат” түшүндүрмө катына 6-тиркеме) 125583,6 миң сом суммасында көрсөтүлгөн, отчет боюнча 33174 200 элементи боюнча кредитордук карыз (Кредитордук карыз жөнүндө маалымат” түшүндүрмө катына 6-тиркеме) - 11,7 миң сом суммасында.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 менен бекитилген, “Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” нускамага ылайык, эсепке алынууга тийиш болгон дебитордук карыздын суммасы 125 571,9 миң сом (125583,6 миң сом – 11,7 миң сом).

**Сунуштама**

125571,9 миң сом суммасында эсепке алынууга тийиш болгон дебитордук карыздын суммасы республикалык бюджеттин кирешесине эсепке алынсын.

**Аныкталды/Корутунду**

**231110410876151** Принтер жана ноутбуктарды сатып алуу сынагы боюнча пландалган сумма 2 449,8 миң сомду түзгөн, анда “ПроИнт” жоопкерчилиги чектелген коому жеңүүчү деп табылган, келишимдин суммасы 2 104,880 миң сом. Квалификациялык талаптар менен котировкаларды суроо аркылуу сатып алуу ыкмасы колдонулган. Контрактты аткарууну кепилдик камсыздоо 2,0 %. Бирок, 2022-жылдын 14-апрелиндеги № 27 “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 50-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык келбегендиктен, иш жүзүндө Контрактты аткарууну кепилдик камсыздоо 84,1 %ды түзгөн жана жогоруда аталган Мыйзамдын 50-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык келбегендиктен, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин депозиттик эсебине Контрактты аткарууну кепилдик камсыздоо 1769,9 миң сом суммасында которулган.

**Сунуштама**

Товардык-материалдык баалуулуктарды сатып алууда, “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 50-беренесинин 2 жана 3-бөлүктөрүнүн сакталышы камсыз кылынсын.

Принтерлерди жана ноутбуктарды сатып алууда, “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 50-беренесинин 2 жана 3-бөлүктөрүн бузууга жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

## 2023-жылга Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Финансы-кредиттик фондунун (мындан ары - КРФМге караштуу ФКФ) бюджеттик каражаттар боюнча чыгымдар сметасынын аткарылышы

(миң сом)

| **Беренелердин аталышы** | **2023-жылга смета боюнча бекитилген** | **2023-жылга смета боюнча такталган** | **2023-жылга кассалык чыгымдар** | **2023-жылга факты жүзүндөгү чыгымдар** | **Такталган сметанын кассалык аткарылышы** | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 3 | 4 | 6 | 7 | четтөө +, - | %да |
| **Эмгек акы** | 58592,5 | 83534,4 | 80725,5 | 80713,7 | -2808,9 | 96% |
| **Социалдык Фондго төгүмдөр** | 8967,2 | 14738,2 | 12065,5 | 12081,4 | -2672,7 | 81% |
| **Кызматтык иш сапарларга чыгымдар** | 3200,0 | 3200,0 | 1888,1 | 2070,4 | -1311,9 | 59% |
| **Байланыш кызматы** | 2500,0 | 2500,0 | 2316,1 | 2280,0 | -220,0 | 92% |
| **Ижара акысы** | 500,0 | 500,0 | 51,0 | 51,0 | -449,0 | 10% |
| **Транспорттук кызмат көрсөтүү** | 3179,4 | 3179,4 | 2960,7 | 3369,7 | -218,7 | 93% |
| **Башка товарларды жана кызматтарды сатып алуу** | 3141,2 | 3141,2 | 1322,1 | 1412,1 | -1818,5 | 42% |
| **Күнүмдүк чарбалык максатта буюмдарды жана материалдарды сатып алуу** | 2467,4 | 2467,4 | 1085,0 | 1146,0 | -1382,4 | 43% |
| **Күзөт кызматын сатып алуу** | 425,0 | 425,0 | 106,0 | 141,0 | -319,0 | 24% |
| **Коммуналдык тейлөө** | 2547,5 | 2547,5 | 2547,5 | 2547,5 | | 100% |
| **Учурдагы чыгымдардын жыйынтыгы** | **85520,2** | **116233,1** | **105067,3** | **105812,9** | **-11165,8** | **90%** |
| **Имараттар жана курулмалар** | | | | | | |
| **Машиналар жана жабдуулар** | 3566,5 | 3566,5 | 3092,1 | | -474,4 | 86% |
| ***Бардыгы*** | ***89086,7*** | ***119799,6*** | ***108159,4*** | ***105812,9*** | ***-13986,7*** | 90% |

Берилген маалыматтарга ылайык, 2023-жылга КР ФМ караштуу ФКФнын сметалык багыттары 89 086,7 миң сомдон 119 799,6 миң сомго чейин такталган, же негизинен эмгек акыны төлөө 30 712,9 миң сомго көбөйгөн.

Кассалык чыгымдар 108159,4 миң сомго аткарылган, иш жүзүндөгү чыгымдар 105812,9 миң сомду түзгөн.

Белгиленгендей, 2023-жылга бюджеттик каражаттардын чыгымдарынын эң чоң үлүшү төмөнкүлөргө туура келет:

- эмгек акы, бардык чыгымдардын кассалык чыгымдар боюнча 75 %ын жана иш жүзүндөгү чыгымдар боюнча 76,2 %ын түзөт;
- Социалдык фондго төгүмдөр, алар кассалык чыгымдар боюнча 11,1 %ды жана иш жүзүндөгү чыгымдар боюнча 11,4 %ды түзөт;
- кассалык жана иш жүзүндөгү чыгымдар боюнча 2,3 %ды түзгөн коммуналдык кызматтар.

Калган чыгымдарга жалпы чыгымдар көлөмүнөн кассалык чыгымдар боюнча 11,6 %ы, иш жүзүндөгү чыгымдардын 10,1 %ы туура келет.

**2023-жылга Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Финансы-кредиттик фонддун кирешелери жана чыгымдары боюнча атайын эсептин каражаттарынын сметасынын аткарылышы**

Атайын эсептеги каражаттардын калдыктары 01.01.2023-жылга карата 13 380,3 миң сомду түзгөн, киреше 44 824,3 миң сом суммасында бекитилген, киреше 217 725,0 миң сом суммасында такталган, иш жүзүндөгү келип түшүүлөр 229 789,7 миң сомду түзгөн, анын ичинен:

- 88 074,9 миң сом келип түшкөн пайыздардан 3 % өлчөмүндөгү чегерүүлөр;
- 10 000,0 миң сом - Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинен кайтарымдуулук негизде финансылык жардам;
- 131 709,3 миң сом - Улуттук экономиканын субъекттерине кепилдиктер үчүн комиссия;
- 5,5 миң сом - туура эмес түшкөн сумма бюджеттин кирешесине кайтарылган.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине 3 пайыздык келип түшүүлөрдөн 33056,3 миң сом (30 %) которулган, ошондой эле мурда алынган 10000,0 миң сом суммасындагы карыз кайтарылган.

## Атайын эсептин каражаттарынын чыгымдарынын динамикасы төмөндөгүдөй:

(миң сом)

| Беренелердин аталышы | Берененин коду | 2023-жылга бекитилген | 2023-жылга такталган | айырмасы гр4-3 | Кассалык чыгымдар | Факты жүзүндөгү чыгымдар | айырмасы гр7-6 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 |
| Эмгек акы | 111 | 15000,0 | 84467,0 | 69467,0 | 80128,7 | 80144,7 | 15,9 |
| Социалдык фондго төгүмдөр | 121 | 3000,0 | 16433,0 | 13433,0 | 15443,4 | 15735,4 | 292,0 |
| Кызматтык иш сапарларга чыгымдар | 211 | 1077,0 | 2777,0 | 1700,0 | 1388,6 | 1388,6 | 0 |
| Байланыш кызматы | 212 | 0 | 1300,0 | 1300,0 | 260,0 | 260,0 | 0 |
| Транспорттук кызмат көрсөтүүлөр | 214 | 0 | 1500,0 | 1500,0 | 500,0 | 188,0 | -312 |
| Башка товарларды жана кызматтарды сатып алуу | 215 | 1500,0 | 13203,0 | 11703,0 | 1088,3 | 1088,3 | 0 |
| Учурдагы чарбалык максаттар үчүн буюмдарды жана материалдарды сатып алуу | 222 | 0 | 8000,0 | 8000,0 | 0 | 454,0 | 454,0 |
| Күзөт кызматын сатып алуу | 225 | 0 | 700,0 | 700,0 | 0 | 0 | 0 |
| Коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр | 231 | 0 | 4147,7 | 4147,7 | 2330,2 | 2330,2 | 0 |
| Машиналар жана жабдуулар | 112 | 5000,0 | 46895,0 | 41895,0 | 26278,5 | | -26278,5 |
| Кредиттер, ссудалар, зайымдар | 214 | 5800,0 | 21980,3 | 16180,3 | 3682,2 | | -3682,2 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Бардыгы** | | **31377,0** | **201403,0** | **170026,0** | **131100,1** | **101589,3** | **-29510,8** |

Чыгымдар 31377,0 миң сомго бекитилген, 170026,0 миң сомго көбөйүү менен 201403,0 миң сомго чейин такталган. Кассалык чыгымдар 131100,1 миң сомду түзгөн, же такталган чыгымдардан 70302,9 миң сомго аз.

Факты жүзүндөгү чыгымдар 101589,3 миң сомго аткарылган, бул негизги фонддорду сатып алууга байланыштуу кассалык чыгымдардан 29510,8 миң сомго аз.

Мында, чыгымдардын кыйла олуттуу көлөмү эмгек акыга бөлүнгөн – 80128,7 миң сом, же жалпы каржылоонун 61,1 %ы, "Социалдык фондго төгүмдөр" - 15443,4 миң сом, же 11,8 %ы ж.б.

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 31-беренесинин 8-бөлүгүнө ылайык, бюджеттик насыяларды башкаруу менен байланышкан чыгашалар бюджеттик насыяларды төлөөнүн эсебинде республикалык бюджетке кайтарылуучу акча каражаттарынан 3 пайызы өлчөмдө чегерүүлөрдүн эсебинен жабылат, алардын 30 пайызы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга багытталат.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгы менен Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Финансы-кредиттик фондунун ортосундагы 2023-жылдагы салыштыруу актысына ылайык, республикалык бюджетке бюджеттик кредиттерди жабуу боюнча иш жүзүндөгү түшүүлөр 15168757,5 миң сомду түзгөн, анын ичинен Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Финансы-кредиттик фондунун эсебине 88 075,0 миң сом которулган.

**КРФМге караштуу ФКФ эмгек акысын төлөөгө талдоо жүргүзүү**

Бюджеттик каражаттардын эсебинен Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Финансы-кредиттик фондунун кызматкерлеринин кошуп эсептелген орточо айлык эмгек акысы (бардык үстөк акыларды, эмгек өргүүлөрдү, 13 эмгек акыны, тамак-аш жана жол кире үчүн компенсацияларды эсепке алуу менен 7,0 миң сом өлчөмүндө) 40,8 миң сомду түзгөн (80 713,7 миң сом: 165 штаттык бирдик: 12 = 40,8 миң сом), ошол эде учурда КРФМге караштуу ФКФ төрагасынын орточо айлык эмгек акысынын өлчөмү - 71,6 миң сомду, төраганын орун басарларыныкы - 69,8 миң сомду, башкармалыктардын начальниктериники - 69,3 миң сомду, бөлүм башчыларыныкы (өз алдынча) - 67,5 миң сомду, башкармалыкка караштуу бөлүм башчылардыкы - 61,1 миң сомду, сектор башчысыныкы - 52,2 миң сомду, башкы адистердики - 48,1 миң сомду, жетектөөчү адистердики - 39,3 миң сомду жана адистердики 28,7 миң сомду түзгөн.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 29-сентябрындагы № 626 токтому менен бекитилген, "Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы атайын эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө" жобого, КРФМге караштуу ФКФнын 2023-жылдын 3-февралындагы жамааттык келишимине, Кыргыз Республикасынын Финансы

министрлигинин 2023-жылдын 31-январындагы №07-б буйругу менен бекитилген, “Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Финансы-кредиттик фондунун кызматкерлерин сыйлоо жөнүндө” жобого ылайык, ай сайын акчалай сыйлык иретинде материалдык сыйлыктар эсептелген, мындан тышкары, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу ФКФнын кызматкерлерине азык-түлүк даярдоого атайын эсептен акча каражаттар берилип турган.

Алсак, 2023-жылга Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Финансы-кредиттик фондунун кызматкерлерине сыйлыктар жана кошумча төлөмдөр 80128,8 миң сом суммасында чегерилген, анын ичинен: сыйлыктар – 59 970,6 миң сом, азык-түлүк даярдоого кошумча төлөмдөр – 18 619,5 миң сом жана техникалык тейлеп иштеген кызматкерлерге жана кенже тейлөөчү персоналынын кызматкерлерине тамак-аш жана жол кире - 1 538,7 миң сом.

Же болбосо, бюджеттик каражаттардын эсебинен чегерилген эмгек акынын фондусун эсепке алганда – 80 713,7 миң сомду, эмгек акыга жана сыйлыктарга бөлүнгөн каражаттардын жалпы суммасы 160 842,5 миң сомду түзгөн.

**Аныкталды/Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 02.12.2021-жылдагы ПЖ №541 “Республикалык бюджеттин чыгашаларын оптималдаштыруу, мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бюджеттик каражаттарды пайдалануусунун натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча чаралар жөнүндө” Жарлыгына ылайык, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин чечимдери менен демилгеленген сатып алууларды жана капиталдык оңдоону кошпогондо, министрликтердин, административдик ведомстволордун, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын, аткаруу бийлигинин башка органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын **бюджеттик каражаттардын эсебинен** кызматтык автотранспортту сатып алуусуна, административдик имараттарды, кызматтык жайларды капиталдык оңдоосуна тыюу салуу 2022-жылдын 1-мартынан тартып киргизилген.

Ошону менен бирге, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги №240 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортун пайдаланууну тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө” токтомуна ылайык, кызмат адамдарын тейлөө үчүн наркы 2,0 млн. сомдон ашпаган жеңил автотранспорт каражаттары (бензин жана электр кыймылдаткычтары менен) сатып алынат.

Бюджеттик кредиттердин кайтарылышын камсыздоо жана республикалык бюджеттин киреше бөлүгүн толтуруу максатында, Фонддун колдонуудагы автотранспортун жаңыртуу жана кызматтык автомашиналарды сатып алуу зарыл болгон. Анткени, Фонд республика боюнча 141 млрд. сом суммасында 21 миң карыз алуучуну көзөмөлдөйт.

Жогоруда жазылгандардын негизинде, ошондой эле колдонуудагы автопарктын эскиргендигине жана толук амортизациялоого байланыштуу, “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, Фонд тарабынан кызматтык автотранспортторду сатып алуу боюнча конкурс өткөрүлгөн.

Фонд тарабынан авторыноктун жалпы жеткиликтүү булактарын изилдөө аркылуу бааларга мониторинг жана интернет булактарындагы (Лалафо, Mashina.kg) бааларга талдоо жүргүзүлгөн. Анын жыйынтыгы боюнча 2023-жылдын декабрына карата төмөндөгү автомашиналардын орточо баасы аныкталган.

| № | Автомашиналардын аталышы | Сом менен | АКШ доллары менен | 2023-жылдын 8-декабрына карата КРУБдун курсу |
|---|---|---|---|---|
| 1 | HONDA CR-V | 2 143 680 сом | 24 000 | 89,32 |
| 2 | Kia K7 | 2 406 727,4 сом | 26 945 | 89,32 |
| 3 | Toyota RAV4 | 2 295 524 сом | 25 700 | 89,32 |

Ошондой эле, Toyota жана KIAнын Диллердик борборлорунан коммерциялык сунуштар изилденген, ал жерде ушуга окшош машиналарга баалар төмөндөгү таблицада көрсөтүлгөн:

| № | Автомашиналардын аталышы | Сом менен | АКШ доллары менен | 2023-жылдын 8-декабрына карата КРУБдун курсу |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Toyota Corolla E210 | 2 813 580 сом | 31 500 | 89,32 |
| 2 | Kia K5 | 3 662 120 сом | 41 000 | 89,32 |

Бааларга жүргүзүлгөн мониторингдин жыйынтыгы боюнча, автомашинанын орточо баасы **2 281 977,1 сомду** (2 406 727,4 сом+2 143 680+ 2 295 524 сом/3) түзгөн.

“Электрондук мамлекеттик сатып алуулар” порталынын маалыматы боюнча, 2023-жылдын 8-декабрында банктык коштоону колдонуу аркылуу квалификациялык талаптары бар котировкаларды суроо ыкмасы менен, бир № L001-01 лоту боюнча 20 000,0 миң сомго 10 даана кызматтык авто унааларды сатып алууга сынак жарыяланган.

Сынактын жыйынтыгы менен КРФМге караштуу ФКФнын (Буйрутмачы) төрагасынын орун басары А.А. Дубанаев менен “Аскарали” ЖЧКсынын (Жабдуучу) директору Шайбылдаев А.М. ортосунда 10 автоунаа сатып алууга 19850,0 миң сом (он тогуз миллион сегиз жүз элүү миң сом) суммасында автоунаалардын маркаларын көрсөтпөстөн, ар биринин чыгарылган жылы ар башка болгондугуна карабастан, ар бири үчүн бирдей нарк – 1985,0 миң сом

деп көрсөтүлгөн 2023-жылдын 20-декабрындагы № 19-08/77 Товарларды жеткирүү келишими түзүлгөн:

- Kia K7, 2018-жылы чыгарылган, 1 даана;
- HONDA CR-V, 2017-жылы чыгарылган, 6 даана;
- Toyota Rav-4, 2017-жылы чыгарылган, 3 даана.

Белгиленгендей, Жабдуучу "Аскарали" ЖЧКсы бул автоунааларды түз жеткирүүчү болуп саналбайт, бул автоунаалардын техникалык паспорттору менен тастыкталган, алар алгач 2023-жылдын 19-декабрынан 23-декабрына чейин катталган, экинчи каттоо 2023-жылдын 25-декабрында болгон, ал эми акыркы үчүнчү каттоо 2023-жылдын 27-декабрында КРФМге караштуу ФКФ тарабынан жүргүзүлгөн.

**Сунуштама**

Сынактын ортомчу катышуучуларын четтетүү максатында, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Финансы-кредиттик фонддун ишмердүүлүгү үчүн негизги каражаттарды түз жеткирүүнү ишке ашыруу бөлүгүндө квалификациялык талаптар күчөтүлсүн.

## Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Финансылык чалгындоо мамлекеттик кызматы (мындан ары - Кызмат)

2021-жылга бюджеттик каражаттар боюнча чыгымдар сметасы 36 084,0 миң сом суммасында бекитилген, 36 017,0 миң сомго такталган, 67,0 миң сомго кыскарган, анын ичинде "Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү пайдалануу" беренеси боюнча 391,2 миң сомго кыскарган.

Ошол эле учурда, чыгымдардын айрым беренелери боюнча баштапкы сметалык багыттар көбөйтүлгөн, анын ичинде төмөнкү беренелер боюнча көбөйтүлгөн:

- Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу - 244,2 миң сомго;
- Башка имараттарды капиталдык оңдоо - 80,0 миң сомго.

Кассалык чыгымдар жалпысынан 30 484,6 миң сомго жүргүзүлүп, иш жүзүндөгү чыгымдар 30 752,8 миң сомду түзгөн, бул кассалык чыгымдардан 268,2 миң сомго көп.

2022-жылга бюджеттик каражаттар боюнча чыгымдар сметасы 36 084,0 миң сом суммасында бекитилген, 37 739,8 миң сомго чейин такталган, 1655,8 миң сомго көбөйүү менен, анын ичинде төмөнкү беренелер боюнча:

- Эмгек акы - 1776,8 миң сомго;
- Социалдык фондго төгүмдөр - 680,5 миң сомго;
- Имаратты утурумдук оңдоого кеткен чыгымдар - 585,8 миң сомго;
- Коммуналдык тейлөө - 92,0 миң сомго;
- Соттун чечимин аткаруу - 147,6 миң сомго.

Ошону менен бирге, чыгымдардын айрым беренелери боюнча баштапкы сметалык багыттар кыскартылган, анын ичинде:

- Кызматтык иш сапарларга чыгымдар -1014,3 миң сомго;
- Транспорттук кызматтар -217,9 миң сомго;

- Башка товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу -69,8 миң сомго;

- Буюмдарды жана материалдарды сатып алуу -12,8 миң сомго;

- Эл аралык уюмдарга төгүмдөр -112,1 миң сомго;

- Башка имараттарды капиталдык оңдоо -200,0 миң сомго.

Кассалык чыгымдар жалпысынан 38054,1 миң сомго аткарылган, иш жүзүндөгү чыгымдар 37847,8 миң сомду түзүп, кассалык чыгымдардан 206,3 миң сомго аз болгон.

2023-жылга бюджеттик каражаттар боюнча чыгымдар сметасы 36 769,6 миң сом суммасында бекитилген, 27 717,3 миң сомго көбөйүү менен 64 486,9 миң сомго чейин такталган, анын ичинде төмөнкү беренелер боюнча:

- Эмгек акы -12318,0 миң сомго;

- Социалдык фондго төгүмдөр - 2318,1 миң сомго;

- Кызматтык иш сапарларга чыгымдар -81,6 миң сомго;

- Башка товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу - 3846,3 миң сомго;

- Ведомстводон тышкаркы күзөт кызматтарын сатып алуу - 1102,2 миң сомго;

- Эл аралык уюмдарга төгүмдөр - 250,0 миң сомго;

- Соттун чечимин аткаруу - 418,4 миң сомго;

- Башка имараттарды капиталдык оңдоо - 7382,7 миң сомго.

Кассалык чыгымдар жалпысынан 60803,1 миң сомго жүргүзүлгөн, иш жүзүндөгү чыгымдар 54192,0 миң сомго ишке ашырылган, кассалык чыгымдардан 6611,1 миң сомго аз.

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2019-жылдын 16-апрелиндеги №102 буйругу менен 2021-жылга электр энергиясын керектөөнүн лимити 109,9 миң кВт/саат өлчөмүндө белгиленген. Иш жүзүндө 119,5 миң кВт/саат керектелген, же белгиленген лимиттен ашыкча керектелген электр энергиясы 9,6 миң кВт/саатты түзүп, 24,1 миң сомду түзгөн.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2022-жылдын 23-августундагы № 91-13/138 буйругу менен 2023-жылга электр энергиясын керектөө лимити 109,9 миң кВт/саат өлчөмүндө белгиленген. Иш жүзүндө 119,8 миң кВт/саат керектелген, же белгиленген лимиттен ашыкча керектелген электр энергиясы 9,9 миң кВт/саатты түзүп, 24,8 миң сомду түзгөн.

**Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2019-жылдын 16-апрелиндеги №102 жана 2022-жылдын 23-августундагы №91-13/138 буйруктарын бузуу менен, электр энергиясын белгиленген лимиттен ашык керектөө 19,5 миң кВт/саатты, же 48,9 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама**

Электр энергиясын керектөөнүн реалдуу лимити белгиленсин жана белгиленген лимиттен ашык электр энергиясын керектөөгө жол берилбесин.

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Окуу борбору**

Окуу борборуна 2022-жылга бюджеттик каражаттар боюнча чыгымдар сметасы 2598,1 миң сом суммасында бекитилген, 3660,4 миң сомго көбөйүү менен 6258,5 миң сомго чейин тактaлган, анын ичинде төмөнкү беренелер боюнча:

- Эмгек акы - 1390,6 миң сомго;
- Социалдык фондго төгүмдөр - 237,6 миң сомго;
- Коммуналдык кызматтар - 20,0 миң сомго;
- Башка коммуналдык кызматтар - 2032,2 миң сомго.

Ошол эле учурда, “Байланыш кызматтары” беренеси боюнча баштапкы сметалык багыттар 20,0 миң сомго кыскарган.

Кассалык чыгымдар жалпысынан 6176,0 миң сомго жүргүзүлгөн. Иш жүзүндөгү чыгымдар 6158,9 миң сомго аткарылган, бул кассалык чыгымдардан 17,1 миң сомго аз.

2023-жылга бюджеттик каражаттар боюнча чыгымдар сметасы 4533,0 миң сом суммасында бекитилген4703,4 миң сомго көбөйүү менен 9236,4 миң сомго чейин тактaлган, анын ичинде төмөнкү беренелер боюнча:

- Эмгек акы - 3183,8 миң сомго;
- Социалдык фондго төгүмдөр - 437,5 миң сомго;
- Коммуналдык кызматтар - 20,9 миң сомго;
- Башка коммуналдык кызматтар - 1091,4 миң сомго.

Ошол эле учурда “Байланыш кызматтары” беренеси боюнча алгачкы сметалык багыттар 30,2 миң сомго кыскарган.

Кассалык чыгымдар жалпысынан 9184,0 миң сомго жүргүзүлгөн. Иш жүзүндөгү чыгымдар 9244,3 миң сомго аткарылган, бул кассалык чыгымдардан 60,3 миң сомго көп.

Атайын эсептин каражаттары боюнча 2022-жылдын башына карата калдык 143,1 миң сомду түзгөн. 2022-жылы атайын эсепке 18 250,3 миң сом келип түшкөн. Бюджеттин киреше бөлүгүнө 33,8 миң сом өлчөмүндө чегерүүлөрдү эске алуу менен 2022-жылга киреше 18216,5 миң сомду түзгөн.

Кассалык чыгымдар 15846,4 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгымдар 15516,0 миң сомду, кассалык чыгымдардын иш жүзүндөгү чыгымдардан ашырылышы 330,4 миң сомду түзгөн.

2023-жылдын башындагы калдык 2513,2 миң сомду түзгөн. 2023-жылы атайын эсепке 16 686,2 миң сом келип түшкөн. Бюджеттин киреше бөлүгүнө 45,4 миң сом өлчөмүндө чегерүүлөрдү эске алуу менен, 2023-жылга киреше 16 640,8 миң сомду түзгөн.

Кассалык чыгымдар - 17456,7 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгымдар - 16636,1 миң сомду, кассалык чыгымдардын иш жүзүндөгү чыгымдардан ашуусу 820,6 миң сомду түзгөн. Жылдын жыйынтыгы боюнча калдык 1697,3 миң сомду түзгөн.

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Баалуу металлдар департаменти**

Департамент боюнча 2022-жылга бюджеттик каражаттар боюнча чыгымдар сметасы 22763,0 миң сом суммасында бекитилген, 435,5 миң сомго көбөйүү менен 23198,5 миң сомго чейин такталган, анын ичинде төмөнкү беренелер боюнча:

- Эмгек акы - 4549,2 миң сомго;
- Социалдык фондго төгүмдөр - 736,3 миң сомго;
- Кызматтык иш сапарларга чыгымдар - 1110,0 миң сомго;
- Транспорттук кызматтар - 77,0 миң сомго;
- Коммуналдык кызматтар - 40,0 миң сомго;
- Башка коммуналдык кызматтар - 40,0 миң сомго.

Ошону менен бирге, чыгымдардын айрым беренелери боюнча баштапкы сметалык багыттар азайтылды, анын ичинде төмөнкү беренелер боюнча кыскартылды:

- Башка товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу -1467,0 миң сомго;
- Имаратты утурумдук оңдоого кеткен чыгымдар - 100,0 миң сомго;
- Буюмдарды жана материалдарды сатып алуу - 260,0 миң сомго;
- Машиналар жана жабдууларга - 4290,0 миң сомго.

Кассалык чыгымдар жалпысынан 17795,8 миң сомго жүргүзүлгөн, иш жүзүндөгү чыгымдар 20102,0 миң сомду түзүп, кассалык чыгымдардан 2306,2 миң сомго көп болгон.

2023-жылга бюджеттик каражаттар боюнча чыгымдар сметасы 23195,5 миң сом суммасында бекитилген, 30191,6 миң сомго чейин такталган, 6996,1 миң сомго көбөйүү менен, анын ичинде төмөнкү беренелер боюнча:

- Эмгек акы - 6117,9 миң сомго;
- Социалдык фондго төлөмдөр - 695,3 миң сомго;
- Байланыш кызматтары - 50,0 миң сомго;
- Учурдагы оңдоого кеткен чыгымдар - 500,0 миң сомго;
- Ведомстводон тышкаркы күзөт кызматы - 1085,2 миң сомго;
- Коммуналдык кызматтар - 70,0 миң сомго;

Ошону менен бирге, чыгымдардын айрым беренелери боюнча баштапкы сметалык багыттар кыскартылды, анын ичинде:

- Кызматтык иш сапарларга чыгымдар - 620,0 миң сомго;
- Башка товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу - 902,3 миң сомго.

Кассалык чыгымдар жалпысынан 21499,2 миң сомго жүргүзүлгөн, иш жүзүндөгү чыгымдар 16945,8 миң сомду түзгөн, бул кассалык чыгымдардан 4553,4 миң сомго аз.

**Аныкталды/Корутунду**

Евразиялык экономикалык комиссиянын Коллегиясынын 21.04.2015-жылдагы №30 чечими менен бекитилген, “Баалуу металлдарды жана баалуу

металлдарды камтыган чийки заттарды Евразия экономикалык бирлигинин бажы аймагына ташып келүү жана Евразия экономикалык бирлигинин бажы аймагынан ташып чыгуу жөнүндө" жобону сактабастан (14-тиркеме), үчүнчү өлкөлөрдөн ташылып келинген жалпы салмагы 3334,4 кг, анын ичинен алтын 313,14 кг, күмүш 3021,26 кг болгон буюмдарды мамлекеттик контролдон өткөрүү көрсөтүлгөн эмес. Мамлекеттик контролдон жана белги басуудан (клеймо) өткөн учурда аудит жүргүзүлүп жаткан мезгилде бюджетке болжолдуу түшүүлөр 10572,5 миң сомду түзмөк, анын ичинде: 2022-жылга - 4091,7 миң сом жана 2023-жылга 6480,8 миң сом.

**Сунуштама**

Үчүнчү өлкөлөрдөн ташылып келинген жана мамлекеттик контролдон өтпөгөн зергер буюмдарын апробациялоого жана белги басууга бербегендиги үчүн пробирдик төлөмдү эсептөө боюнча талаптарды белгилөө үчүн ченемдик укуктук актылар иштелип чыгылсын.

**Аныкталды/Корутунду**

Департаменттин жооптуу кызматкерлери 2022-жылдын 14-апрелиндеги № 27 "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 50-беренесинин 3-бөлүгүнүн талаптарын бузуу менен төмөнкү сынактарды өткөрүшкөн:

**- 220922348988733** Лабораториялык жабдууларды сатып алуу үчүн пландалган сумма 3850,0 миң сом 2-лот боюнча бузулбаган рентген-флуоресценттик анализатору. Жеңүүчү болуп "Техника жана логистика" ЖЧКсынын катышуучусу табылган, келишимдин суммасы 3800,0 миң сом. Квалификациялык талаптар менен котировкаларды суроо аркылуу сатып алуу ыкмасы. Келишимдин аткарылышын камсыздоо кепилдиги 5,0 %;

**- 230922403805854** АИ-92 күйүүчү-майлоочу майларды сатып алууга пландаштырылган сумма 38,9 миң сомду түзөт. Жеңүүчү болуп "Шнос" ЖЧКсынын катышуучусу табылган, келишимдин суммасы 38,3 миң сомду түздү. Квалификациялык талаптар менен котировкаларды суроо аркылуу сатып алуу ыкмасы. Келишимдин аткарылышын камсыздоо кепилдиги 0,1 %;

**- 230809396438293** компьютердик жабдууну сатып алууга пландалган сумма 242,5 миң сомду түзөт. Жеңүүчү катары "ТехнО2" ЖЧКсынын катышуучусу табылган, келишимдин суммасы 229,3 миң сомду түзгөн. Квалификациялык талаптар менен котировкаларды суроо аркылуу сатып алуу ыкмасы. Келишимдин аткарылышын камсыздоо кепилдиги 0,1 %.

**Сунуштама**

Сатып алуулар, "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын, атап айтканда, мыйзамдын 50-беренесинин 3-бөлүгүнүн талаптарына ылайык жүргүзүлүшү камсыз кылынсын.

Сатып алууларды жүргүзүүдө, "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 50-беренесинин 3-бөлүгүн бузууга жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик сатып алуулар департаменти**

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги № 240 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортун пайдаланууну тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө" токтомуна ылайык, мамлекеттик органдарды жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын күтүүгө бөлүнгөн бюджеттик каражаттарды сарамжалдуу пайдалануу максатында мамлекеттик органдарга бекитилген кызматтык жана нөөмөттүк автотранспорттор үчүн айына 300 литр өлчөмүндө күйүүчү майдын лимити белгиленген.

Департаменттин балансында Mercedes Benz E 240 маркасындагы кыймылдаткычынын көлөмү V 2.6. болгон 1 даана автоунаа бар. Департаменттин маалыматтарына жана жол баракчаларына ылайык, аудит мезгилинде күйүүчү-майлоочу майлар 100 кмге 18,75 литр (300/1600 = 0,1875 литр - 1 км үчүн) 0,1875*100 = 18,75 литр - 100 км.ге) эсептен чыгарылган. Ал эми, Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин 2015-жылдын 30-декабрындагы №366 буйругуна ылайык, Mercedes Benz E 240 (6V-2,398-170-5A) үлгүсүндөгү унаага күйүүчү майдын базалык керектөө ченеми 100 чакырымга 11 литр деп белгиленген.

Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин 2015-жылдын 30-декабрындагы №366 буйругу менен бекитилген, "Автомобиль транспортунда отунду жана майлоочу майларды чыгымдоонун линиялык ченемдерин колдонуу жана аларды эсептөө ыкмасынын эрежелерин" бузуу менен, Департамент тарабынан 105 276 сом суммасындагы ченемден ашыкча 1860 литр күйүүчү-майлоочу май (0,11 л.*1600км=176 литр, 300л.-176л.=124 л, 124*15 ай=1860) эсептен чыгарылган.

**Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин 2015-жылдын 30-декабрындагы №366 буйругу менен бекитилген, "Автомобиль транспортунда отунду жана майлоочу майларды чыгымдоонун линиялык ченемдерин колдонуу жана аларды эсептөө ыкмасынын эрежелерин" бузуу менен Департамент тарабынан 105 276 сом суммасындагы ченемден ашыкча 1860 литр күйүүчү-майлоочу май эсептен чыгарылган.

**Сунуштама**

Күйүүчү-майлоочу майларды эсептен чыгаруу чыгымдоонун линиялык белгиленген ченемдерине ылайык так жүргүзүлсүн.

105 276 сом суммасындагы нормадан ашыкча 1860 литр күйүүчү-майлоочу майды эсептен чыгарууга жол берген Мамлекеттик сатып алуулар департаментинин кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

## Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу “Инфосистемс” мамлекеттик ишканасы

**Аныкталды/Корутунду**

“Инфосистемс” мамлекеттик ишканасынын Уставына ылайык, “Инфосистемс” мамлекеттик ишканасынын 2021-2022-жылдарга өнүгүү стратегиясы” (мындан ары - Стратегиялык план) стратегиялык планы түзүлгөн, бирок, андай пландын жок болгондугуна байланыштуу, Стратегиялык пландын аткарылышы тууралуу маалымат, же отчет аудитке берилген эмес. Буга байланыштуу, Стратегияны жана Иш-чаралар планын ишке ашыруунун жыйынтыгы жетекчилик тарабынан каралган эмес, 2023-жылга Стратегиялык план жок (Айрым пландардын жана иштердин аткарылышы боюнча отчеттор өз убагында башкаруу чечимдерин кабыл алуу үчүн түзүлөт).

**Сунуштама**

“Инфосистемс” мамлекеттик ишканасы белгиленген максаттарга жетүү үчүн, коюлган милдеттерди аткаруу боюнча конкреттүү иш-чаралар, алардын аткарылышы жөнүндө маалыматты (отчетту) берүүнүн мөөнөттөрү камтылган “Инфосистемс” мамлекеттик ишканасынын 2024-2026-жылдарга өнүктүрүү стратегиясын” ишке ашыруу боюнча деталдуу иш-чаралардын планы иштелип чыгылсын жана бекитилсин.

## Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматы

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматынын (мындан ары - МСК) 2023-жылга бюджеттик каражаттар боюнча чыгымдар сметасы 1 868,3 млн. сом суммасында бекитилген, 3 680,3 млн. сомго чейин такталган, кассалык чыгымдар 3 529,8 млн. сомду түздү, анын ичинде:

- бюджет боюнча – 2 182,4 млн. сом;
- Фонд боюнча – 1 347,4 млн. сом.

**Аныкталды/Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 57-беренесине ылайык, салык кызматынын органдарынын чыгымдарын каржылоо, анын ичинде: эмгек акы төлөө, материалдык-техникалык камсыз кылуу, кызматкерлерге материалдык жактан дем берүү, өткөн бюджеттик жыл үчүн салык кызматынын органдары тарабынан чогултулган салыктык каражаттардын, салыктык эмес кирешелердин суммасынын 3 пайыз өлчөмүндөгү каражаттарынын эсебинен жүргүзүлөт, аларды бөлүштүрүү жана колдонуу тартиби ыйгарым укуктуу салык органы тарабынан жыл сайын бекитилет, ошондой эле каржылоо максаттуу бюджеттен тышкаркы каражаттардын эсебинен ишке ашырылат.

Алсак, 2022-жылга салыктык жана салыктык эмес кирешелер 156,3 млрд сомду түзүп, анын 3 %ы 4,7 млрд сомду түздү. Бюджеттин аткарылышы боюнча консолидацияланган отчетко ылайык, МСКнын 2023-жылга карата кассалык чыгымдары жана иш жүзүндөгү чыгымдары 3,5 млрд сомду түздү.

Белгилей кетсек, 156,3 млрд сом суммасындагы жалпы кирешеге ошондой эле ашыкча төлөнгөн салыктар жана 01.01.2023-жылга карата 50,5 млрд. сом өлчөмүндөгү ашыкча кошумча нарк салыгы (КНС) кирет.

Аудит МСКны күтүүгө кеткен чыгымдарды кирешеге байланыштыруунун максатка ылайык эместигин белгилейт (Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 57-беренеси), анткени 2023-жылдын жыйынтыгында бул МСКнын алдындагы 1,2 млрд. сом суммасындагы ашыкча бюджеттик милдеттенмеге алып келген жана келечекте бул салыктык жана салыктык эмес кирешелердин көбөйүшүнө жараша милдеттенмелердин өсүшүнө алып келет.

Мындан тышкары, Мамлекеттик салык кызматында так кирешени аныктоо механизми жок, анткени отчеттук мезгилдин аягындагы кирешеге белгисиз суммалар, ашыкча КНС, ашыкча төлөнгөн салыктар ж.б. кирет.

МСК бюджетке салыктарды, камсыздандыруу төгүмдөрүн жана башка төлөмдөрдү жыйноочу жана алардын толук жана өз убагында төлөнүшүн контролдоочу, жеке жактарды жеке ишкер катары мамлекеттик каттоодон өткөрүүчү Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органы болуп саналат. Салыктарды администрлөө (тескөө) - бул салык органынын кызматкерлеринин түздөн-түз функционалдык милдеттери болуп саналат, аны аткаргандыктары үчүн мамлекеттик бюджеттен эмгек акы төлөнөт.

**Сунуштама**

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматын күтүүгө чыгымдарды кирешелердин бюджетке түшүү суммасынын 3 % өлчөмүнө байланыштыруунун максатка ылайыктуулугу каралсын, анткени бул ашыкча бюджеттик милдеттенмелерге алып келет.

**Аныкталды/Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 25.03.2022-жылдагы №159 токтому менен Мамлекеттик салык кызматын өнүктүрүү жана материалдык камсыздоо фонду түзүлгөн. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 25.03.2022-жылдагы №159 токтому менен бекитилген, “Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматынын өнүктүрүү жана материалдык камсыздоо фонду жөнүндө жобонун” 3-пунктуна ылайык, Фонддун каражаттары анын ичинде Мамлекеттик салык кызматынын органдарынын материалдык-техникалык базасын өнүктүрүүгө жана чыңдоого жумшалат.

2023-жылга Фонддун каражаттары боюнча кассалык чыгымдары 1 347,4 млн. сомду түздү, анын ичинен сыйлыктарга жана материалдык жардамга

жана Социалдык фондго чегерүүлөргө 1 186,9 млн. сом (87 %) чыгымдалган, “Чек талап кыл – байге утуп ал” (2215) программасы боюнча лотереялык байгелерди сатып алууга 160,5 млн. сом (13 %) жумшалган. Ошону менен бирге, Мамлекеттик салык кызматын өнүктүрүү жана материалдык камсыздоо фонду жөнүндө жобонун 3-пункту сакталбастан, МСК органдарынын материалдык-техникалык базасын өнүктүрүүгө жана чыңдоого каражаттар каралган эмес.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматынын өнүктүрүү жана материалдык камсыздоо фондунун чыгымдар сметасында Мамлекеттик салык кызматынын органдарынын материалдык-техникалык базасын өнүктүрүүгө жана чыңдоого каражат каралсын.

**Аныкталды/Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 25.03.2022-жылдагы №159 токтому менен бекитилген, “Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматынын Өнүктүрүү жана материалдык камсыздоо фонду жөнүндө” жобонун 4-пунктуна ылайык, Фонддун каражаттарын пайдалануунун конкреттүү багыттары жана өлчөмдөрү Мамлекеттик салык кызматынын төрагасы тарабынан белгиленет. Мамлекеттик салык кызматынын 15.05.2023-жылдагы №117 буйругу менен, Мамлекеттик салык кызматынын өнүктүрүү жана материалдык камсыздоо фондунун каражаттарын пайдалануу тартиби бекитилген.

Аудиттин жүрүшүндө Мамлекеттик салык кызматынын 2023-жылдын 15-майындагы №117 буйругу менен бекитилген, Мамлекеттик салык кызматынын өнүктүрүү жана материалдык камсыздоо фондунун каражаттарын пайдалануу тартибинин 2-пунктунда сыйлыктарды төлөө боюнча ишке баа берүүнүн туура эмес критерийлери белгиленгендиги аныкталган, мисалы:

- эмгек тартиби (ички тартипти так сактоо, форма кийүү, мамлекеттик кызматчынын этикасын сактоо) – 30 баллдан 10 балл;
- функционалдык милдеттерди аткаруу, 30 баллдан 10 балл.

30 балл максималдуу 100 % сыйлыктын өлчөмүнө барабар.

Аудит белгилегендей, эмгек тартибин сактоо, бирдиктүү форманы кийүү, мамлекеттик кызматчынын этикасын сактоо “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 14-беренесинин 1-бөлүгүндө көрсөтүлгөн жана мамлекеттик кызматчынын милдеттери болуп саналат, ал эми функционалдык милдеттерди аткаргандыгы үчүн мамлекеттик бюджеттен эмгек акы төлөнөт.

**Сунуштама**

Функционалдык милдеттерин аткаруудан тышкары, ар бир кызматкердин жетишкендиктерине жана салымына негизделген сыйлоо критерийлери каралып чыгылсын, бул Кыргыз Республикасынын Президентинин

02.12.2021-жылдагы ПЖ №541 "Республикалык бюджеттин чыгашаларын оптималдаштыруу, мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бюджеттик каражаттарды пайдалануусунун натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча чаралар жөнүндө" Жарлыгына ылайык келет.

**Аныкталды/Корутунду**

2023-жылдын 17-мартындагы №13а автотранспорт каражаттарын акысыз өткөрүп берүү жөнүндө келишимге ылайык, Мамлекеттик салык кызматына "Партнер Нефть" ЖЧКсынан 12 850,7 миң сом суммасында (Honda M-NV Electro AT – 4 даана, Volkswagen ID4XIAT – 1 даана) 5 даана автотранспорт каражаттары алынган.

2023-жылдын 14-ноябрындагы №196 автотранспорт каражаттарын акысыз өткөрүп берүү жөнүндө келишимге ылайык, Мамлекеттик салык кызматына "Котелкин Ю.А." жеке ишкерден наркы 920,7 миң сомдук 1 даана автотранспорт каражаты алынган.

Салык төлөөчүлөрдөн алынган 6 автотранспорттун жалпы баасы 13 771,4 миң сомду түзөт.

Аудит белгилегендей, Мамлекеттик салык кызматы бюджетке салыктарды, камсыздандыруу төгүмдөрүн жыйноо жана салыктык контролдоо боюнча Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органы болуу менен, салык төлөөчүлөрдөн 13 771,4 миң сомдук автотранспорт каражаттарын акысыз негизде алгандыгы кызыкчылыктардын кагылышуусу болуп саналат.

**Сунуштама**

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине:**

Мамлекеттик органдар тарабынан өз ара аракеттенген тараптардан кандайдыр бир материалдык пайда алууну болтурбоо үчүн, так ички регламенттер жана жол-жоболор иштелип чыгылсын жана ишке киргизилсин.

**Аныкталды/Корутунду**

Салык жол-жоболорун фискалдаштыруу компоненттерин киргизүүнүн алкагында, салык кызматынын маалыматтык системаларынын натыйжалуу иштешин камсыз кылуу, ошондой эле анын ишинин натыйжалуулугун жана салыктык жөнгө салуунун сапатын жогорулатууда салык кызматынын кызыкчылыктарына көмөк көрсөтүү максатында түзүлгөн МСКнын алдындагы "Салык Сервис" мамлекеттик мекемесинин штатындагы 72 программист-кызматкерин күтүүгө 2023-жылы республикалык бюджеттен 219,0 млн. сом чыгымдалган, Дүйнөлүк банктын "Салыктык башкарууну жана статистикалык системаны модернизациялоо" (СБССМ) долбоорунан 50 642,2 миң сом суммасына программалык камсыздоо сатылып алынган ("Оптима ЛТД" ЖЧКсы - 19 402,0 миң сом; "ДАО Групп" ЖЧКсы - 17 600,0 миң сом; "Аксат" ЖЧКсы - 12 938,1 миң сом; "Information and Financial Solutions" ЖЧКсы - 702,1 миң сом), бул каражатты сарамжалсыз пайдалануу болуп саналат. Ошондой эле, Дүйнөлүк банктын "Салыктык башкарууну жана статистикалык системаны модернизациялоо" (СБССМ) долбоору тарабынан

техникалык базаны камсыздоого карабастан (17,5 млн. АКШ доллары), бул 2022-жылы гана 87 250,6 миң сомго жакын сумманы түзгөндүгүнө карабастан, республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен 21 645,4 миң сом суммасында компьютердик жабдуулар сатылып алынган жана “Кыргызтелеком” ААКсынан 4 309,2 миң сом суммасында сервердик жабдуулар ижарага алынган, бул бюджеттик каражаттарды сарамжалсыз пайдалануу болуп саналат.

Ошону менен бирге, Кыргыз Республикасынын Президентинин 02.12.2021-жылдагы ПЖ №541 “Республикалык бюджеттин чыгашаларын оптималдаштыруу, мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бюджеттик каражаттарды пайдалануусунун натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча чаралар жөнүндө” Жарлыгы аткарылган эмес.

**Сунуштама**

50 642,2 миң сом суммасына программалык камсыздоону, 21 645,4 миң сом суммасына компьютердик жабдууларды сатып алууда жана 4 309,2 миң сом суммасына “Кыргызтелеком” ААКсынын сервердик жабдууларын ижарага алууда бюджеттик каражаттарды сарамжалсыз пайдаланууга жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматында эл аралык долбоорлорду эске алуу менен республикалык бюджеттин чыгымдары оптималдаштырылсын.

**Аныкталды/Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 11.07.2023-жылдагы 2-П буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү боюнча жобонун” 127-пунктун бузуу менен, 820,0 миң сом суммасында алынган эмеректер (стулдар) баалуулугу аз жана тез эскирүүчү буюмдар катары кириштелген.

*Аудиттин жүрүшүндө бухгалтериялык түзөтүүчү жазуу берилип, эмеректер негизги каражаттарга кириштелди, бул тууралуу Мамлекеттик салык кызматынын финансы-чарбалык башкармалыгынын маалыматы берилди.*

**Сунуштама**

Негизги каражаттарды кириштөөдө, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 22.01.2024-жылдагы №1-б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобо жетекчиликке алынсын.

**Аныкталды/Корутунду**

Аудит жүргүзүлгөн мезгилде 1 937,2 миң сом суммасына оргтехника эсептен чыгарылган. Ошону менен бирге, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 11.07.2023-жылдагы №2-П буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторундагы бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү боюнча” жобонун 177-180-пункттары сакталбастан, демонтаждалган жана чачылган жабдуулардын тетиктери,

бөлүктөрү жана агрегаттары көрсөтүлгөн баалуулуктар эсепке алынган тиешелүү эсептерде кириштелген эмес, ал эми жараксыз тетиктер жана материалдар экинчи чийки зат катары кириштелген эмес. Бөлүнгөн жана демонтаждалган жабдуулардын тетиктери, бөлүктөрү жана агрегаттары, ошондой эле эсептен чыгарылган негизги каражаттарды демонтаждоодон алынган жана өз багыты боюнча пайдаланууга мүмкүн болбогон экинчи чийки зат утилизацияланган эмес. Эсептен чыгарылган негизги каражаттарды демонтаждоодон алынган жана бюджеттик мекемеде кайра колдонууга жараксыз болгон кайра иштетилүүчү чийки заттар сатылбастан, кампада сакталып турат.

**Сунуштама**

Негизги каражаттарды эсептен чыгаруу, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 22.01.2024-жылдагы №1-б буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" жобого ылайык жүргүзүлсүн.

**Аныкталды**

№230606386903203 сынактын жыйынтыгы боюнча "Нур Холдинг Компани" ЖЧКсы менен жарандарды стимулдаштыруу боюнча иш-чараларды өткөрүү боюнча иштерди (анын ичинде Пиар компания) уюштуруу жана жүргүзүү үчүн 22.06.2023-жылдагы №37 келишим түзүлгөн. Келишимдин шарттарына ылайык, 3.3-пункт боюнча Кардар "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 49-беренесине ылайык, ***Аткарылган иштердин актысына кол коюлгандан кийин****, Банктык колдоо көрсөтүү аркылуу Аткаруучу тарабынан көрсөтүлгөн Кызматтарга ырааты менен төлөйт*.

Мамлекеттик салык кызматында жалпы суммасы 13 838,7 миң сомдук аткарылган иштердин актысы бар, ал эми кызмат көрсөтүүлөр үчүн 14 361,3 миң сом төлөнгөн, б.а. аткарылган иштин акты жок туруп, 522,6 миң сом которулган ("*Нур Холдинг Компани" ЖЧКсынын 20.12.2023-жылдагы №25/23 катына ылайык, аудиттин жүрүшүндө 522,6 миң сом калыбына келтирилген, анын ичинен келишимдин аткарылышын кепилдик камсыздоо эсебинен кайра алуу жолу менен 442,5 миң сом, накталай акча аркылуу 80,1 миң сом*).

**Корутунду**

Конкурстук документтердин талаптарын, ошондой эле 22.06.2023-жылдагы №37 келишимдин шарттарын сактабастан, 522,6 миң сомдук аткарылган иштердин актысы жок туруп, каржылоого жол берилген.

**Сунуштама**

Мындан ары, подрядчыларды каржылоо келишимдин шарттарына ылайык, так жүргүзүлсүн. Аудиттин жүрүшүндө калыбына келтирилген 522,6 миң сом эске алынсын.

**Аныкталды/Корутунду**

МСК тарабынан жалпы аянты 47 208,48 м$^2$ жер тилкелеринин наркы туура аныкталган эмес, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин

11.07.2023-жылдагы №2-П буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторундагы бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү боюнча” жобонун 133 жана 137-пункттарын бузуу менен имараттардан өзүнчө эсепке алынган эмес, ошондой эле жогорудагы жобонун 577-пунктун бузуу менен, тиешелүү бухгалтердик эсептерде көрсөтүлгөн эмес.

*Аудиттин жүрүшүндө МСК тарабынан МСКнын аймактык башкармалыктарынын жер тилкелерин эсепке алууну баалоо жана калыбына келтирүү боюнча иш жүргүзүлүп, анын жыйынтыгында жалпы аянты 47 208,48 м2 болгон жер тилкелери жалпы суммасы 935 915,5 миң сомго бааланды жана бухгалтердик эсеп боюнча калыбына келтирилди.*

**Сунуштама**

Бухгалтердик эсепти жүргүзүүдө, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 22.01.2024-жылдагы №1-б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобонун талаптары так жетекчиликке алынсын.

**Аныкталды/Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 11-мартындагы №134 токтому менен бекитилген, “Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматынын алдындагы “Салык Сервис” мамлекеттик мекемеси жөнүндө” жобонун (мындан ары – “Салык Сервис” ММ) 7-пунктуна ылайык, мекеме мамлекеттик мекеменин уюштуруу-укуктук формасында түзүлүп, 2022-жылы республикалык бюджеттен каржылануу менен андан ары өзүн-өзү каржылоого өткөн. Ушуга байланыштуу өзүн-өзү каржылоонун негизинде иш алып барган субъект катары эмгек акы төлөөгө жана социалдык-тиричилик жактан тейлөөгө (Жобонун 12-пунктунун 7-пунктчасы) багытталган каражаттардын көлөмүн белгиленген тартипте аныктоо укугу берилген, ыйгарым укуктуу салык органы менен макулдашуу боюнча эмгек акыны төлөө шарттарын, анын ичинде кызматтык маяналардын өлчөмүн аныктоо, кызматтык маяналарга үстөк акыларды жана кызматкерлерге кошумча төлөмдөрдү, аларды сыйлоо тартибин белгилөө (жобонун 25-пунктунун 11-пунктчасы) укугу берилген.

Ага ылайык, кызматкерлердин эмгегине акы төлөө жөнүндө жобо иштелип чыккан, ага ылайык мекеменин кызматкери кызматтык маянадан, сыйлыктан, материалдык дем берүүдөн турган жана максималдуу өлчөмдөр менен чектелбеген эмгек акы алат.

Бирок, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 16-декабрындагы № 705 токтому менен Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 11-мартындагы №134 токтому менен бекитилген “КРФМге караштуу МСК алдындагы “Салык кызматы” мамлекеттик мекемеси жөнүндө” жобонун 7-пунктундагы “2022-жылы” жана “мындан ары өзүн-өзү каржылоого өтүү менен” деген

сөздөр алып салынган. Буга байланыштуу, “Салык сервис” мамлекеттик мекемеси 2023-жылы толугу менен республикалык бюджеттен каржыланып, ал эми жобонун эмгек акы төлөө боюнча бөлүгүнө тийиштүү түзөтүүлөр киргизилген эмес. 2023-жылы республикалык бюджеттен 219 066,4 миң сом суммасында каражат каржыланган, анын 181 334,0 миң сому - 75,25 бирдик штаттык сандагы эмгек акыга багытталган, б.а. 1 кызматкердин орточо айлык акысы 200,8 миң сомду түзөт.

Аудит белгилегендей, “Салык сервис” мамлекеттик мекемеси бюджеттик каржылоого өткөндүгүнө байланыштуу, мекеменин эмгек акы төлөө бөлүгүндө Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 28-мартындагы № 95 ПЖ “Кыргыз Республикасынын бюджеттик чөйрөсүнүн кызматкерлеринин эмгек акы төлөө шарттарын өркүндөтүү жөнүндө” Жарлыгы колдонулат, мында Кыргыз Республикасынын бюджеттик чөйрөсүнүн кызматкерлеринин эмгегине акы төлөө шарттарын өркүндөтүү, ошондой эле мамлекеттик башкаруу секторунда эмгек акыны түзүүнүн бирдиктүү моделин белгилөө максатында, 1-пункт аркылуу төмөндөгүлөр белгиленет:

*1) Кыргыз Республикасынын бюджеттик чөйрөсүнүн кызматкерлеринин кызматтык маяналарын эсептөө үчүн 7040 сом өлчөмүндө бирдиктүү базалык ставка колдонулат;*

*2) Кыргыз Республикасынын бюджеттик чөйрөсүнүн кызматкерлеринин кызматтык маянасы бирдиктүү базалык ставканы кызматтык маяналарга эселөө коэффициентине көбөйтүү жолу менен эсептелет.*

Ошентип, Кыргыз Республикасынын Президентинин 28.03.2022-жылдагы ПЖ №95 “Кыргыз Республикасынын бюджеттик чөйрөсүнүн кызматкерлеринин эмгек акы төлөө шарттарын өркүндөтүү жөнүндө” Жарлыгына туура келбестен, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 01.08.2022-жылдагы № 434 “Мамлекеттик кызматчылардын категориясына кирбеген жана мамлекеттик мекемелерде, анын ичинде Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын ведомстволук мекемелеринде иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” токтомуна толуктоолорду киргизбестен, 2023-жылга эмгек акы 181 333,9 миң сом суммасында, анын ичинде, Кыргыз Республикасынын Президентинин жогоруда аталган Жарлыгында каралбаган 38 827,9 миң сом суммасындагы кварталдык сыйлыктар чегерилген.

Мындан тышкары, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунан жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинен тышкаркы башка мамлекеттик органдардын борбордук аппаратында Департамент түзүлбөшү керектиги көрсөтүлгөн, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 15-ноябрындагы №264 “Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органдарынын, анын ичинде техникалык жана тейлөөчү персоналынын штаттык санынын чеги жөнүндө” токтомунун 3-тиркемесин

бузуу менен, “Салык сервис” мамлекеттик мекемесинде Программалык камсыздоону иштеп чыгуу департаменти (8 бирдик) түзүлүп, департамент жетекчисинин эмгек акысы 320,0 миң сом өлчөмүндө белгиленген.

Бул аудит аркылуу республикадагы иш мүнөзү окшош эки мамлекеттик органдын кызматтык маянасына салыштырмалуу талдоо жүргүзүлгөн. Алсак, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 01.08.2022-жылдагы № 434 “Мамлекеттик кызматчылардын категориясына кирбеген жана мамлекеттик мекемелерде, анын ичинде Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын ведомстволук мекемелеринде иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” токтомуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу “Түндүк” мамлекеттик мекемесинин кызматкерлери үчүн кызматтык маяналардын өлчөмүн аныктоодо пайдаланылуучу кызматтык маяналарга эселенген коэффициенттер белгиленген. Талдоодо көрүнүп тургандай, “Салык сервис” мамлекеттик мекемесинин эмгек маянасы 2,25 эсеге чейин жогору.

| | “Түндүк” ММ | | “Салык Сервис” ММ | | Айырмачылык, ашыкча | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Эселенген коэфф. | Эмгек акы өлчөмү | Эселенген коэфф. | Эмгек акы өлчөмү | Эселенген коэфф. | Эмгек акы өлчөмү |
| Директор | 17,05 | 120 032 | 35,51 | 250 000 | 2,08 эсе | 129 968 |
| Директордун орун басары | 16,35 | 115 104 | 35,51 | 250 000 | 2,17 эсе | 134 896 |
| Бухгалтер | 7,82 | 55 053 | 17,61 | 124 000 | 2,25 эсе | 68 947 |
| Департаменттин начальниги | - | - | 45,45 | 320 000 | | |
| Башкы программист | 17,05 | 120 032 | 41,19 | 290 000 | 2,41 эсе | 169 968 |
| Программист | 13,50 | 95 040 | 21,30 | 150 000 | 1,57 эсе | 54 960 |
| Кенже программист | 10,66 | 75 046 | 12,78 | 90 000 | 1,19 эсе | 14 954 |
| Системанын администратору | 14,21 | 100 038 | 28,40 | 200 000 | 1,99 эсе | 99 962 |
| Системанын аналитиги | 12,79 | 90 041 | 28,40 | 200 000 | 2,22 эсе | 109 959 |

Натыйжада, Кыргыз Республикасынын Президентинин 02.12.2021-жылдагы ПЖ №541 “Республикалык бюджеттин чыгашаларын оптималдаштыруу, мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бюджеттик каражаттарды пайдалануусунун натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча чаралар жөнүндө” Жарлыгы республикалык бюджеттен каржылануучу мекемелердин, уюмдардын жана ишканалардын кызматкерлеринин эмгек акысын төлөө жана социалдык жактан камсыз кылуунун шарттарын тартипке келтирүү бөлүгүндө аткарылган эмес.

*Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 13.06.2024-жылдагы №308 “Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине*

*караштуу Мамлекеттик салык кызматынын маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтому менен, "Салык сервис" мамлекеттик мекемесинин кызматкерлерине 7040 сом өлчөмүндө минималдуу базалык коюм белгиленген жана кызматтык маяналарга эселөө коэффициенттери бекитилген.*

*Учурда, "Салык Сервис" мамлекеттик ишканасынын кызматкерлеринин эмгек акысы Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 13.06.2024-жылдагы №308 "Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматынын маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтомуна ылайык келтирилген.*

**Аныкталды/Корутунду**

17 640,0 миң сом суммасына 360 даана компьютердик планшеттерди сатып алуу жана баага мониторинг жүргүзүү үчүн 10 компанияга, анын ичинде компьютердик техникага түздөн-түз тиешеси жок 7 компанияга коммерциялык сунуштарды берүү боюнча кат жөнөтүлгөн,

Макулдашуу баракчасына ылайык, суроо-талап күбөлүктөрүнө жараша, адистештирилбеген, дүң соода менен алектенген "Тайманбас" ЖЧКсына, "Феникс консалтинг" ЖЧКсына, "Найспром" ЖЧКсына, "Уайт Компани" ЖЧКсына, "Капитал УНИ" ЖЧКсына жөнөтүлгөн. Ачык интернет булактарында алардын компьютердик техника менен камсыздоосу боюнча маалымат жок. Сертификатка ылайык, "Эко Билдинг" ЖЧКсы турак жай жана турак жай саналбаган имараттарды куруу менен алектенет. "ТЭМ" ЖЧКсы боюнча ачык интернет булактарында кандайдыр бир маалымат жок.

МСКнын суроо-талабы боюнча "Визард компьютерс" ЖЧКсынан планшеттерди 60 000 сомдук баа боюнча жеткирүүгө (Lenovo Tab 11 – 42 373 сом; универсалдуу стилус – 9 491 сом; клавиатурасы менен сырткы кабы – 8 136 сом) жана расмий суроо-талап жөнөтүлбөгөн жеке ишкер Качкынбаевадан (Lenovo Tab 11 – 38 500 сом) коммерциялык сунуш түшкөн. Жыйынтыгында, планшеттерди 49,0 миң сомго сатып алуу планы түзүлгөн. Конкурстун жыйынтыгында "Визард компьютерс" ЖЧКсы менен 15 325,2 миң сом суммасында баасы 42 570 сомдук 360 даана планшет сатып алууга 01.11.2023-жылдагы №93 келишим жана 1 532,5 миң сом суммасында 36 даана сатып алууга 24.11.2023-жылдагы №100 кошумча келишим түзүлгөн. Натыйжада, жалпысынан 16 857,7 миң сомго 396 планшет сатылып алынган.

МСКнын сатып алуулар бөлүмү бааларга мониторинг жүргүзүүдө Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 17.05.2022-жылдагы №85-п буйругу менен бекитилген Электрондук мамлекеттик сатып алууларды өткөрүүнүн тартибинин 14-пунктун бузган, анда төмөнкүлөр белгиленген:

- *товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууда сатып алуулар бөлүмү жалпыга жеткиликтүү булактарды изилдөө аркылуу бааларга мониторинг жүргүзөт жана башка сатып алуучу уюмдар тарабынан веб-порталда мурда жүргүзүлгөн сатып алуулардын бааларына талдоо*

*жүргүзөт, ошондой эле жалпыга жеткиликтүү интернет булактарында бааларга талдоо жүргүзүүгө, же жеткирүүчүлөргө коммерциялык сунуштарды сунуштоосу үчүн суроо-талаптарды жөнөтүүгө укуктуу,* жалпыга жеткиликтүү булактарды изилдөө жана башка сатып алуучу уюмдар тарабынан веб-порталдагы мурунку сатып алуулардын баасын талдоо жолу менен рынокту жалпы камтып изилдөө жүргүзүлгөн эмес.

Аудит белгилегендей, “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 2-беренесине ылайык, Мыйзамдын максаты сатып алуучу уюмдардын иштешин камсыз кылууга байланышкан мамилелерди жөнгө салуу аркылуу мамлекеттик ресурстарды натыйжалуу жана үнөмдүү пайдалануу болуп саналат.

“Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 9-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, Сатып алуулар бөлүмү техникалык өзгөчөлүктөрдү жана алдын ала бюджетти көрсөтүү менен берилген өтүнмөлөрдүн негизинде, сатып алуулар планын түзүү учурунда жана кулактандырууну жарыялоонун алдында (сатып алууларды пландоо, планын түзүү этабында, чектүү макулдашууну түзүүдө жана бир булактан сатып алууда) сатылып алынуучу товарлардын, жумуштардын, кызмат көрсөтүүлөрдүн жана консультациялык кызмат көрсөтүүлөрдүн рыногуна мониторинг жүргүзөт.

Аудиттин жүрүшүндө сынактын катышуучуларынын, б.а. “Тоф Фруит” ЖЧКсы, “Визард Компьютерс” ЖЧКсы, “Ренессанс” ЖЧКсы, “КБМ” ЖЧКсынын каттарын (инвойс) тиркөө менен планшеттердин баасы боюнча маалымат берилген. Ошол эле учурда, аудит жүргүзүлгөн учурда Интернеттеги ачык булактарда жеткирилген товардын баасы (планшет Lenovo Tab 11, 2K (2000x1200) 4/128GB) орточо эсеп менен 23 449 сомдун чегинде өйдө-ылдыйболуп тургандыгын (мисалга, Lenovo планщети 20137 сом, (www.sulpak.kg - 22590 сом; www.ultra.kg - 16720 сом, www.np.kg - 19490 сом; www.ebay.com - 21749 сом) белгилейт.

**Сунуштама**

Товарлардын, жумуштардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн бааларына мониторингди тийиштүү жана талаптагыдай жүргүзбөгөн сатып алуулар бөлүмүнүн кызматкерлеринин жоопкерчилиги каралсын.

Жалпыга жеткиликтүү булактарды изилдөө жана веб-порталда мурда жүргүзүлгөн сатып алуулардын бааларын талдоо жолу менен рынокту ар тараптуу изилдөө жүргүзүү камсыз кылынсын.

## Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик бажы кызматы жана “Бажы инфраструктурасы” мамлекеттик ишканасы

2023-жылга бюджеттик каражаттар боюнча чыгымдар сметасы жыйынтыкталган маалыматтардын негизинде (МБК борбордук аппараты,

ведомстволук бажы органдары, бажылык камсыздоо) 1 050 368,2 миң сом суммасында бекитилген.

2023-жылы чыгымдар сметасын аткаруу процессинде чыгымдар сметасына 870 154,2 миң сом суммасында өзгөртүүлөр киргизилип, такталган чыгымдар сметасы 1 920 522,4 миң сомду түзгөн, кассалык аткарылышы 1 738 622,8 миң сомду түзүп, факты жүзүндөгү чыгымдар 1 318 069,2 миң сомду түзгөн.

*МБК борбордук аппаратынын жана ведомствого караштуу органдарынын Өнүктүрүү фондунун чыгымдар сметасынын аткарылышы*

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 14.06.2005-жылдагы № 226 токтому менен бекитилген, “Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик бажы кызматын өнүктүрүү фонду жөнүндө” жобого ылайык, МБКнын өнүктүрүү Фонду (мындан ары - Фонд) өткөн жылда бажы органдары товарларды чыгарууга, баштапкы чечим кабыл алууга байланыштуу бажылык операцияларды жүргүзгөндүгү үчүн бажылык жыйымдардан жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка булактардан республикалык бюджетке түшкөн кирешеге барабар суммада республикалык бюджеттин чыгымдоо бөлүгүнүн эсебинен каржылоодон түзүлөт.

Фонддун каражаттары Мамлекеттик бажы кызматынын органдарынын натыйжалуу иштөөсү үчүн тийиштүү материалдык-техникалык шарттарды түзүү, анын ичинде МБКнын 09.07.2021-жылдагы № 35-14/200 (күчүн жоготту), 26.07.2023-жылдагы №35-147/207 буйруктары менен бекитилген, “Бажы иши чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын кызматкерлерине жана кызматкерлеринин ишинин негизги натыйжалары үчүн сыйлыктар жөнүндө” жобого ылайык кызматкерлерди жана жумушчуларды сыйлоого багытталат.

2022-жылга алдын ала чечимди кабыл алуу менен, товарларды чыгарууга байланышкан бажы операцияларын жүргүзүү үчүн бажы органдары тарабынан алынуучу жыйымдар (0,25 %) 1 629 789,8 миң сомду түзгөн, бирок 2023-жылга Мамлекеттик бажы кызматын Өнүктүрүү фондунун чыгымдарынын сметасы 354 060,5 миң сом суммасында өлчөмүндө бекитилген.

Аныкталды:

| Мекемелер | Запастын ченеми | Жыл башына калдык | Түшүүлөр | Чыгымдар | Жыл аягындагы калдык | Запастын ченеми | Ченемден ашыкча запастар |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| ТО Өнүктүрүү фонду: ведомстволук мекемелер | | | | | | | 2 239 930 |
| Чарбалык материалдар жана кеңсе буюмдары | 180 | 0 | 69 200 | 11 450 | 57 750 | 5 725 | 52 025 |
| ТО Республикалык бюджет: Борбордук аппарат | | | | | | | |
| Дары-дармектер | 180 | 22 906 | 35 200 | 37 190 | 20 916 | 18 595 | 2 321 |
| Запастык бөлүктөр | 120 | 75 040 | 135 960 | 147 800 | 63 200 | 49 267 | 13 933 |
| Чарбалык материалдар жана кеңсе буюмдары | 180 | 316 887 | 1 168 953 | 612 658 | 822 234 | 306 329 | 515 905 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| ТО Республикалык бюджет: ведомстволук мекемелер | | | | | | | |
| Дары-дармектер | 180 | 54 363 | 19 645 | 48 104 | 25 904 | 24 052 | 1 852 |
| Запастык бөлүктөр | 120 | 451 389 | 506 350 | 229 660 | 728 079 | 76 553 | 651 526 |
| Чарбалык материалдар жана кеңсе буюмдары | 180 | 2 346 485 | 5 908 279 | 4 834 931 | 3 419 833 | 2 417 466 | 1 002 368 |

**Корутунду**

2023-жылга карата бухгалтердик эсептин маалыматтарына ылайык, бажы камсыздоосу боюнча товардык-материалдык баалуулуктардын ашыкча запастары 2239,9 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама**

2023-жылга карата товардык-материалдык баалуулуктардын ченемден ашыкча калдыктарынын пайда болушунун себептери талдансын, анын натыйжалары боюнча республикалык бюджеттин кирешесине 2239,9 миң сом суммасын эсепке алуу маселеси каралсын.

**Аныкталды/Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген, "Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" нускамага ылайык, Бажы камсыздоосу боюнча дебитордук жана кредитордук карыздын ортосундагы айырма 6656,6 миң сомду түздү, анын ичинен: Борбордук аппаратта – 1273,4 миң сомду, ведомствого караштуу бажы органдарында (РБ) – 1661,0 миң сом, ведомствого караштуу бажы органдарында (Өнүктүрүү фонду) – 3722,2 миң сом.

**Сунуштама**

Дебитордук карыздын пайда болушунун себептери талдансын, анын натыйжалары боюнча республикалык бюджеттин кирешесине 6656,6 миң сом суммасын эсепке алуу маселеси каралсын.

**Аныкталды/Корутунду**

Аудит жүргүзүлгөн мезгилде электр энергиясын керектөө 3 592,0 миң кВт/саатты түзүп, бекитилген лимиттен 1006,5 миң кВт/саатка, же 2506,3 миң сомго ашкан. Жылуулук энергиясын керектөө 267,7 гКал. түздү, бул бекитилген лимиттен ашпайт.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик бажы кызматынын Бажы камсыздоосу боюнча, электр энергиясын керектөөнүн реалдуу лимити белгиленсин жана белгиленген лимиттен ашык электр энергиясын керектөөгө жол берилбесин.

**"Бажы инфраструктурасы" мамлекеттик ишканасы**

**Аныкталды**

"Брокер" автоматташтырылган жумушчу орду, Программалык камсыздоосу ("Брокер" АЖО ПК) документтердин прототиптеринин пакетин

жана жүк бажы декларациясын (ЖБД) түзүү жана берүү процессин автоматташтыруу үчүн арналган. “Брокер” автоматташтырылган жумушчу орду Программалык камсыздоосу Бирдиктүү автоматташтырылган маалыматтык тутуму (БАМТ) менен өз ара аракеттенет жана бажылык тариздөө үчүн, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик бажы кызматынын бирдиктүү веб-серверин колдонот.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик бажы кызматынын 2020-жылдын 8-декабрындагы №35-13/398 буйругуна ылайык, анын ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу жана бажы өкүлдөрү үчүн жагымдуу шарттарды түзүү максатында, “Брокер” автоматташтырылган жумуш орду Программалык камсыздоосунун баштапкы коддорунун көчүрмөлөрү “ТИ” мамлекеттик ишканасына өткөрүлүп берилген.

“Брокер” автоматташтырылган жумуш орду Программалык камсыздоосунун маалыматтык системасына кирүүнү камсыз кылуу боюнча кызматтарды көрсөтүү боюнча типтүү келишимдин 5.1-пунктуна ылайык, товарларга декларациялардын (мындан ары - ДТ) негизги барагын даярдоодо “Брокер” автоматташтырылган жумуш орду Программалык камсыздоосун пайдалануу боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн наркы 150 сомду жана ДТнын ар бир кошумча барагын документтердин бир пакетинин ичинде каттоо 100 сомду түзөт, аны бажы өкүлдөрү кызмат көрсөтүүлөр үчүн “ТИ” мамлекеттик ишканасына төлөшү керек.

Буга карабастан, бажы өкүлдөрү төлөмдөрдү өз убагында төлөбөй, башкача айтканда, келишимдик милдеттерин так аткарышпайт. Буга байланыштуу, азыркы учурда айрым колдонуучулар – бажы өкүлдөрү менен дебитордук карызды өндүрүү боюнча соттук териштирүүлөр жүрүп жатат.

“ТИ” мамлекеттик ишканасынын бажы иши чөйрөсүндө кызмат көрсөтүү бөлүмүнүн берген маалыматтарына ылайык, 2023-жылы 97 колдонуучуга (бажы кызматтарын көрсөткөн жеке уюмдарга - бажы өкүлдөрүнө) “Брокер” автоматташтырылган жумуш орду Программалык камсыздоосун пайдалангандыгы үчүн 66 335,9 миң сом эсептелген, алардын ичинен болгону 12 596,2 миң сом төлөнгөн. Ошону менен бирге, 2023-жылдын башына карата 48 760,8 миң сом өлчөмүндөгү калдыкты эске алуу менен, 2022-жылдын 31-декабрына карата “Брокер” автоматташтырылган жумуш орду Программалык камсыздоосун пайдалануу үчүн бажы өкүлдөрүнүн карызы 102 500,5 миң сомду түзгөн.

Берилген маалыматка ылайык, “Брокер” автоматташтырылган жумуш орду Программалык камсыздоосу системасына жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу боюнча кызматтарды көрсөтүү боюнча келишимдер түзүлгөн 21 бажы өкүлдөрүнөн карызды өндүрүү боюнча 21 доо арыз берилген.

**Корутунду**

Жаңыдан түзүлгөн бажы өкүлдөрү “ТИ” мамлекеттик ишканасы менен “Брокер” автоматташтырылган жумуш орду Программалык камсыздоосу системасына жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу боюнча кызматтарды көрсөтүү

жөнүндө келишим түзүүгө жана бул кызматтар үчүн төлөмдөрдү жүргүзүүгө кызыкдар эмес. Ошондой эле, “ТИ” мамлекеттик ишканасы менен бажы өкүлдөрү ортосунда келишимдерди түзүүнү жөнгө салуучу ички локалдык актылар жок, ошол эле учурда Брокер” автоматташтырылган жумуш орду Программалык камсыздоосу системасын күтүү жана иштеп чыгуу боюнча чыгымдарды “ТИ” мамлекеттик ишканасы өз каражаттарынын эсебинен жүргүзөт, ал эми Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик бажы кызматынын “Брокер” автоматташтырылган жумуш орду Программалык камсыздоосуна жеткиликтүүлүк алган бардык бажы өкүлдөрү аны колдонушат.

**Сунуштама**

Түзүлгөн келишимдерге ылайык, бажы өкүлдөрүнөн 102 500,5 миң сом суммасындагы карызды өндүрүү боюнча кечиктирилгис чаралар көрүлсүн.

**Кыргыз Республикасынын**
**Эсептөө палатасынын аудитору** **В.А. Садовников**